# Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын 2019-жылдын 3-чейреги ичиндеги ишине жүргүзүлгөн көзөмөлдүн (оверсайт) жыйынтыгы боюнча отчет

## I. Улуттук төлөм системаларынын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү.

### 1. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

*Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасындагы финансылык тобокелдиктер.* ГСРРВ ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча 2019-жылдын 3-чейрегинде жүгүртүү коэффициентинин 22,43 пайызга жогорулагандыгы байкалган, ал эми ликвиддүүлүк коэффициенти 18,32 пайызга кыскарган. Коэффициенттердин мындай өзгөрүүсү операциялык күн ичинде катышуучулардын дебеттик жүгүртүү суммасынын (1,01 пайызга) жана системада акча каражаттар калдыгынын 19,15 пайызга кыскарышы менен шартталган. Өзгөрүүлөр 1- жана 2-графиктерде көрсөтүлгөн.

Система боюнча жалпы жүгүртүүлөр 805,10 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн мезгилдеги көрсөткүчтөн 3,8 пайызга жогору жана ал Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу өткөн операциялардын көлөмүнүн өзгөрүүсүнөн улам келип чыккан.

Системанын катышуучуларынын төлөмдөрүнүн кезекте туруп калышы ликвиддүүлүк тобокелдигинин белгилеринин бири болуп эсептелет. Отчеттук мезгил ичинде системанын эки катышуучусунун жалпы 57,11 млн сом суммасындагы 8 төлөмү кезекте катталгандыгы белгиленген (ал эми 2019-жылдын 2-чейрегинде кезекте 28 төлөм катталган).

Төлөмдөр көлөмүнүн ликвиддүүлүк деңгээлине карата катышына талдап-иликтөөлөрдүн негизинде системадагы жүгүртүүгө карата катыш боюнча ликвиддүү каражаттардын көрсөткүчү жогору болгондуктан, системада финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калгандыгын белгилөөгө болот.

*Операциялык тобокелдиктер.* Системада жеткиликтүүлүк көрсөткүчү отчеттук мезгилде 100,00 пайызды түзгөн, ошол эле учурда, операциялык тобокелдик деңгээли катышуучулар тарабынан регламенттин узартылышынан улам (жалпы узартуу убактысы 26 саат 55 мүнөт), системанын жалпы иштөө убактысынын 4,48 пайызын түзгөн (бул өткөн мезгилдеги көрсөткүчкө караганда 2,02 пайызга жогору).


Үзгүлтүктөр Улуттук банктын тарифтик саясаты жана Улуттук банк Башкармасынын бюджеттик төлөмдөрдү иштеп чыгуу боюнча атайын чечими менен айдын акыркы 3 күнү ичинде жөнгө салынат.



1-график. ГСРРВдагы финансалык тобокелдиктер деңгээли



2-график. ГСРРВдагы ликвиддүүлүк жана төлөмдөр көлөмүнүн орточо күндүк көрсөткүчүнүн өзгөрүү динамикасы.



3-график. Кезектеги төлөмдөрдүн саны жана өтпөй токтоп калуунун суммардык убактысы



4-график. ГСРРВдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы

## 2. Пакеттик клиринг системасы (ПКС)

*ПКСтеги финансылык тобокелдиктер*. Отчеттук мезгил ичинде дебеттик таза позициянын акча каражаттардын белгиленген камынан артышына байланыштуу фактылар системада катталган эмес. Төмөнкү графикте көрсөтүлгөндөй, катышуучулар ПКСте акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн талаптагыдан да көбүрөөк каражатты резервге коюшкан.


*5-график. 2019-жылдын 3-чейреги ичинде Пакеттик клиринг системасындагы дебеттик таза позициянын суммардык маанисинин жана анын ордун жабууга каралган камдын катышы (млн сом)*




Ошентип, катышуучулар тарабынан коюлган кам дебеттик таза позициянын ордун жабууга каралган каражаттардын зарыл деңгээлинен 5,1 эсе ашкан.


ПКСте четке кагылган төлөмдөрдүн жалпы саны 272,8 млн. сом суммасында (системада иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы санынын 0,51 пайызы) 8,03 миң төлөмдү түзгөн (системада иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы санынын 0,30 пайызы). Референстердин кайталанышы төлөмдөрдүн четке кагылышынын негизги себебинен болгон.

6-график. КБ ПКС ичиндеги төлөмдөрүнүн саны




*Системадагы операциялык тобокелдиктер.* 2019-жылдын 3-чейрегинде ПКС ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 100,0 пайызды түзгөн. Системадагы операциялык тобокелдик деңгээли катышуучулар тарабынан системанын иш регламентинин узартылышы натыйжасында 6,05 пайыз чегинде катталган (катышуучулар тарабынан мөөнөтүн узартуулардын суммардык убактысы 26 саат 1 мүнөттү, анын ичинен максималдуу узартуу убактысы 6 саат 30 мүнөттү түзгөн).


7-график. 2019-жылдын 3-чейреги үчүн Пакеттик клиринг системасында жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы




## 3. «Элкарт» карттары менен эсептешүүлөр системасы

*Системадагы операциялык тобокелдиктер*. «Элкарт» улуттук системасында маанилүү төлөм системаларынын ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгында, системанын ишинде убактылуу үзгүлтүктөрдөн улам, 2019-жылдын 3-чейрегинде системанын жеткиликтүүлүк деңгээли 99,65 пайызды, ал эми операциялык тобокелдик деңгээли - 0,35 пайызды түзгөн.

**8-график. Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборуна операциялык тобокелдиктин жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн катышы**




## II. Төлөм инфраструктурасынын ишин контролдоо

### 4. Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу

Кыргыз Республикасынын аймагында иш алып барган төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын отчетторуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2019-жылдын 3-чейреги ичинде төлөм системаларынын ишине байланыштуу 27 штаттан тышкарки жагдай катталган.

Мында, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот:

- *электр энергиясы менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр* – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкарки жагдайлардын жалпы санынын 22,22 пайызын түзгөн.
- *байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкарки жагдайлардын жалпы санынын 44,44 пайызын түзгөн.
- *аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде орун алган үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкарки жагдайлардын жалпы санынан 33,33 пайызын түзгөн.




9-график. 2019-жылдын 3-чейрегинде төлөм системалары операторлорунда жана төлөм уюмдарында орун алган штаттан тышкарки жагдайлардын келип чыгуусунун негизги себептери

### 5. SWIFT сервис-бюросунун иштеши

2019-жылдын 3-чейреги ичинде SWIFT сервис-бюросунун жеткилүктүүлүк коэффициенти 99,58 пайызды түзгөн. 2019-жылдын 9-июлундагы кыска мөөнөттүү техникалык үзүлтүктөргө (SWIFT сервис-бюросунун жалпы иштөө убактысынын 0,01 пайызын түзгөн) жана 2019-жылдын 13-июлунда жана 21-сентябрында пландаштырылган алдын алуу иштерине байланыштуу жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 0,42 пайызга төмөндөгөн.

Улуттук банкынын SWIFT сервис-бюросу жөнүндө жобосуна жана келишимдерге ылайык, SWIFT сервис-бюросунун катышуучуларына жүргүзүлө турган иштер жөнүндө  алдын ала маалымдалган. Келишимге ылайык, штаттан тышкарки жагдайлар келип чыккан шартта коммерциялык банктар билдирүүлөрдү берүүнүн альтернативалуу каражаттарын пайдалануулары тийиш экендигин белгилей кетүү зарыл.

SWIFT системасында операциялык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калган.

## III. Төлөм системасында операциялык тобокелдиктерди талдап-иликтөө

### 6. Санкциясыз ишке ашырылган операцияларды талдап-иликтөө

Коммерциялык банктардан Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун алкагында алынган  төлөм карттары менен эсептешүү системаларында санкциясыз ишке ашырылган операциялар боюнча маалыматтарга талдап-иликтөөнүн жыйынтыгында 2019-жылдын 3-чейрегинде эл аралык VISA Int. системасынын карттарын пайдалануу аркылуу 35 шектүү операция жүзөгө ашырылгандыгы катталган. Мындай операциялардын суммасы 414,6 миң сомду түзгөн, бул карттарды колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүнүн 0,0003 пайызын түзөт.

Ошондой эле, отчеттук мезгил ичинде Элкарт жергиликтүү картынан 5 048 сом суммасында 9 санкциясыз акча чыгаруу катталган.

1-таблица. Банктык карттарды пайдалануу менен санкциясыз ишке ашырылган операциялар боюнча маалыматтар

| *Санкциясыз ишке ашырылган операциялардын түрлөрү* | *2018-ж. 2-чей.* | | *2019-ж. 2-чей.* | | *2019-ж. 3-чей.* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* |
| **Интернет-транзакция** | **10** | **71 043,75** | **24** | **162 430,66** | **29** | **367 152,80** |
| *-Visa* | 10 | 71 043,75 | 24 | 162 430,66 | 29 | 367 152,80 |
| **POS-терминал аркылуу транзакциялар** | **-** | **-** | **-** | **-** | **-** | **-** |
| *-Visa* | - | - | - | - | - | - |
| **Накталай түрдө алуу** | **6** | **57 985,96** | **6** | **33 221,05** | **15** | **52 507,60** |
| *-Visa* | 6 | 57 985,96 | 6 | 33 221,05 | 6 | 47 459,20 |
| *-Элкарт* | - | - | - | - | 9 | 5 048,40 |
| **Блокировкаланган транзакциялар** | - | - | - | - | - | - |
| *-Visa* | **-** | **-** | **-** | **-** | **-** | **-** |
| **Бардыгы** | **16** | **129 029,71** | **30** | **195 651,71** | **44** | **419 660,40** |


VISA жана Элкарт карттары боюнча финансылык жоготуулардын келип чыгышына банктык карттардагы маалыматтардын бейтарап колдонулушу (компрометация) себеп болушу мүмкүн, бул банкоматтардан санкциясыз акча чыгарууларга жана Интернетке төлөөлөргө алып келет. Банктар, банктык карттардагы маалыматтар бейтарап колдонулган түйүндөрдү аныктоо боюнча иштер жүргүзүлгөн. Маалыматтар бейтарап колдонулган карттар блокировкаланды. Карт ээлерине акча каражаттарын кайтаруу үчүн төлөм системасынын эрежелерине ылайык териштирүү иштери жүргүзүлүп жатат.

## 7. <u>Катышуучулардын төлөм системаларынын иш үзгүлтүксүздүгүнө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү</u>

Банктардын Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетторуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгында, 2019-жылдын 3-чейреги ичинде коммерциялык банктардын төлөм системаларынын ишине байланыштуу 352 штаттан тышкаркы жагдай катталган.

Ошентип, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот:

- *<u>электр энергиясы менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр</u>* – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 43,47 пайызын түзгөн.
- *<u>байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр</u>* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 12,78 пайызын түзгөн.
- *<u>аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде орун алган үзгүлтүктөр</u>* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 43,75 пайызын түзгөн.



10-график. 2019-жылдын 3-чейрегинде коммерциялык банктарда орун алган штаттан тышкаркы жагдайлардын келип чыгуусунун негизги себептери

Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү: бул үзгүлтүктөр финансылык чыгымдардын

келип чыгышын шарттаган эмес, бирок алар банктардын аброюна, ошондой эле кардарлардын банктык кызмат көрсөтүүлөргө жана төлөм системаларынын ишине карата ишенимине терс таасирин тийгизүүдө. Мындан тышкары, коммерциялык банктардын пайда албай калуу тобокелдигин да шарттташы мүмкүн.